# ТАСМАНЫН ҮСТҮНДӨ ИШТӨӨ

Бул стратегия башка текст же лекция сабактарына караганда окуучуларга кызыгуу жаратат. Көрсөтүүнү коёрдон мурда, бул тасманын темасын жазып, мээ чабуулун жүргүзөбүз. Мисалы: бул тасма эмне же ким жөнүндө? Кандай идеялар камтылган болушу мүмкүн? Андан кийин суроолорду даярдайбыз. Алсак Курманжан Датка жөнүндө кино коё турган болсок, окуучуларды топторго бөлүштүрүп, топтун санына жараша төмөндөгүдөй суроолорду даярдап аларга беребиз.

- Курманжан Датка ким болгон?
- Кандай эрдиктерди жасаган?
- Тасманын кандай тарбиялык мааниси бар?

ж.б.у.с. суроолор. Ар бир топко бирден суроо берилет. Тасма көрсөтүлүп бүткөн соң, ар бир топ өздөрүнө берилген суроого жооп жазышат (тасмага таянып жооп жазышат). Жоопторго башка топтон кошумчаласа да болот.

Презентация кызыктуу болуш үчүн суроону туура, так жана жакшы тандай билиш керек.